DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Исмаилова Г.К.*

# МОЛДО КЫЛЫЧТЫН «ЧҮЙ БАЯНЫ» ПОЭМАСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Исмаилова Г.К.*

# ОСОБЕННОСТИ ИССЛЕДОВАНИЯ ПОЭМЫ МОЛДО КЫЛЫЧА «ЧУЙ БАЯНЫ»

*G.K. Ismailova*

# SPECIALTY OF RESEARCH OF THE POEM OF «CHUI BAYANY» OF MOLDO KYLYCH

*УДК: 82-1.093.3*

*"Чүй баяны" поэмасы Молдо Кылычтын негизги чыгармаларынын бири болуп эсептелет. Акынга, учурда идеологиялык айып коюлуп, чыгармаларына тыюу салынгандыгы белгилүү. Мына ошондуктан "Чүй баяны" поэмасынын эмне жөнүндө экендиги да окурмандарга белгисиз болуп келген. Анын үстүнө "заманчы" Молдо Кылычтын чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу Т.Саманчиндин да "Кылыч-жазуучу акын" аттуу эмгеги да идеологиялык жактан "кара сандыкка" жабылган болчу. Бул макалада биринчи жолу "Чүй баяны" поэмасынын Тазабек Саманчин тарабынан талданыш өзгөчөлүктөрү ачылып берилген. Макаланын автору "Чүй баянын" талдоодо Тазабек Саманчиндин рухий-интеллектуалдык, билим-илим даярдыгы кыйла жогору болгондуктан поэманы доордун социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүнүн контекстинде карай билгендигин, чыгарманын поэтикалык кооздугуна көңүл бургандыгын, анын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн ачып берүү чеберчилигин ырастап көрсөткөн. Илимпоздун цивилизация көрүнүштөрүнө, базар мамилелерине көчмөндүн көзү менен карагандыгын, ошон үчүн көп нерселер ага таңгалычтуу да, түшүнүксүз да, а түгүл эсин эки кылып жаткандыгын (Мисалы: базарда жылкынын, семиз малдын кагаз акчага айырбашталып жатканына акындын таңгалгандыгы, кейигендиги) чечмелегендиги кызыктуу да, философиялуу да, Т.Саманчиндин «Чүй баяны» поэмасындагы акындын бул кабылдоо өзгөчөлүгүгү тууралуу ою социалдык-психологдор үчүн уникалдуу факт болуп эсептелет.*

***Негизги сөздөр:** поэма, көркөмдүүлүк, образдуулук, сюжет, поэтика, чеберчилик, баяндоочулук, реализм, идея, поэтикалык толгонуу.*

*Поэма "Чүй баяны" считается одной из основных произведений Молдо Кылыча. Известно, что в свое время акын был обвинен в идеологизме и его произведения были запрещены. Поэтому, читателю не известно о чем поэма "Чүй баяны". Кроме этого произведение ученого Т.Саманчина "Кылыч-жазуучу", который исследовал творчество "заманиста" Молдо Кылыча, было обвинено в идеологизме и закрыто в "черном сундуке". В данной статье впервые раскрыты особенности анализа поэмы Тазабека Саманчина "Чүй баяны". Автор статьи анализируя "Чүй баяны" наглядно показал, что благодоря тому, что Тазабек Саманчин имел высокую духовно-интеллектуальную, научно-образовательную подготовку, смог расскрыть поэму в контексте социально-экономической особенности той эпохи, обратил внимание на поэтическую красоту произведения, раскрыл его идейно-художественные особенности. Объяснения ученого, мирровозрения акына на проявления цивилизации, рыночные отношения глазами кочевника, поэтому многие вещи казались для него удивительными, не понятными, более того доводили до растерянности (например: разменивание откормленный скот, лошадей на бумажные деньги огорчало акына), и в тоже время он на это смотрел философски. Размышления Т.Саманчина об особенности восприятия акына в поэме "Чүй баяны" будет уникальным фактом для социальных психологов.*

***Ключевые слова:** поэма, художественность, образность, сюжет, поэтика, мастерство, повествование, реализм, идея, поэтическое волнение.*

*The poem "Chui bayany" is considered one of the main works of Moldo Kylych. It is known that the akyn was accused of ideologism and his works were banned at one time. Therefore, the reader is not aware of the poem "Chui Bayan". In addition to this work of the scientist T.Samanchin "Kylych-zhazuuchu" (literally –"Steel writer"), who studied the work of "zamanist" Moldo Kylych, was accused of ideologism and closed in the "black chest". In this article, for the first time, the features of Tazabek Samanchin's analysis of the poem "Chui Bayany" are revealed. The author of the article analyzing "Chui bayany" clearly showed that, thanks to the fact that Tazabek Samanchin had a high spiritual and intellectual, scientific and educational background, was able to reveal the poem in the context of the socio-economic characteristics of that era, drew attention to the poetic beauty of the work, revealed it ideologically - artistic features. The scientist's explanations, the worldview of akyn on civilization, market relations through the eyes of nomad, so many things seemed surprising to him, not understandable, moreover he was confused (for example, the exchange horses on the market, fattened cattle for money upset the akyn), and at the same time he looked at as a philosopher. Reflections of T.Samanchin about the peculiarities of perception of akyn in the poem "Chui bayany" will be a unique fact for social psychologists.*

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



***Key words:*** *poem, artistic, figurative, plot, poetics, skill, narration, realism, idea, poetic excitement.*

Т.Саманчин изилдөөсүндө Молдо Кылычтын «Чүй баяны», «Канаттуулар», «Бүркүттүн тоюу», «Зилзала» аттуу поэмаларын талдоого басым койгон. Изилдөө ишинде мындай бир мыйзам ченемдүүлүк бар. Изилдөөчү изилдеп жаткан предметинен өйдө көтөрүлүп чыгып, ага мүмкүн болушунча бийиктиктен серп таштап, анализдеши зарыл. Эгер өйдө көтөрүлө албай, талдап жаткан предметинин кучагында калса, анда ал үстүрт баяндоочулукка (описательность) түшүп кетиши мүмкүн. Ал эми изилдөөнүн предмети болсо, баяндоочулукту эмес, өзүн түшүндүрүүнү талап кылат. А түшүндүрүү үчүн изилдөөчү предметти белгилүү бир аралыктан кароо жөндөмүнө ээ болушу абзел. Эгер ушул идеянын позициясынан карай турган болсок, Т.Саманчиндин өзүнүн изилдөө предметине карата алганда, кыйла эле эстетикалык, маданий-интеллектуалдык өйдөкү деңгээлде тургандыгы, Молдо Кылычтын чыгармачылыгына белгилүү бир аралыктан, бийиктиктен карай билгендиги ачык көрүнүп турат.

Маселен, Т.Саманчин поэманын сюжетинде баяндалгандарды кыска мүнөздөп берет да, анан ар дайым эмне үчүн акын ушундайча сүрөттөп жатат, ушундай сүрөттөөгө кандай шарттар түрткү болуп отурат, акындын айтайын деген идеясы кандай, автордун дүйнөнү кабылдоо өзгөчөлүгү кандай социалдык-психологиялык себептер менен шарталып жатат деген сыяктуу суроолорду өз алдына коюп, ага жооп берүүгө аракет кылат. Т.Саманчин адабиятчы катары гана эмес, бул жерде өзүн кандайдыр бир деңгээлде философ катары көрсөтөт. Т.Саманчиндин изилдөөчү катары өзгөчөлүгү дал ушунда деп ойлойбуз. Мисалы, Молдо Кылычтын Чүй-Токмоктун жаңы социалдык турмушун баяндаган «Чүй баяны» поэмасынын биринчи бөлүгүн Т.Саманчиндин кантип интерпретациялагандыгына көңүл буралы. Изилдөөдөн төмөнкү үзүндүнү окуйлу: "Кылыч адеп Чүй өрөөнүнө келип, Чүйдү жана Токмок шаарын биринчи көргөндөгү таасиринин натыйжасында бул поэма жазылгандыгы жөнүндө жогоруда эскертилди. Чүй өрөөнүнүн жаратылыш байлыктары, ошону менен бирге, Чүй өрөөнүнүндөгү элдин турмушунда учураган жаңылыктар Кылычты таңгалдырып жана кубандырат. Бул учур XIX кылымдын 80-жылдарына таандык. Ошол кезде Чүй өрөөнүнө кыйгас орустар көчүп келип, жерге орношуп, бул өрөөндүн жаратылыш байлыктарын өздөштүрө баштайт.

Поэманын биринчи бөлүмүндө Токмок шаары сүрөттөлөт. Токмок ошол учурда Чүй өрөөнүндөгү эң ири шаар жана башкаруу-соода борбору катарында болгон.

Токмок шаары орношкон жер илгери Жылгын башы аталып, оту-чөбү кенен, малга жайлуу жер экендиги эскерилип, поэма башталат. Кийинчирээк бул жерге орус келгиндери түшүп, шаар курулат. Кылыч орустардын тиричилиги кыргыздардыкына караганда жогору, артык экендигин көрсөткөн. Алар жалаң гана шаар салуу жагынан эмес, дыйканчылык жагынан да кыргыздардан жогору тургандыгын, баккан малы да кыргыздардыкынан артык экендигин көрсөтөт.

Абайласаң Токмокту
Эки жерде орусу
Какоолу да, мужиги,
Баарынын бир болушу.
Кызыл сууну, Шамшыны
Эгин жайы кылганы,
Отор барган жылкыдай
Орустардын уйлары.
Өгүздөрү дөбөдөй,
Бары жуда байыптыр,
(Кудай бетин көрсөтпө)
Какоолдору төрөдөй.

Бул жердин өткөндөгү сүрөтү жана кийинки өзгөрүлгөн сүрөтү баяндалып келип, анан шаардын турмушу, анын базары сүрөттөлө баштады. Токмоктогу жашаган эл ар түрдүү уруудан-орус, өзбек, ногой, дунгандардан куралгандыгын айтып, булардын баары өнөрлүү журт экендигин сүйлөйт. Ал эми казак менен кыргыздар болсо, мал базарга «кыжылдап» толуп алгандыгын күлкү катарында көрсөтөт. Ошону менен бирге, бул ар уруу элден курулган шаардын журту бир-бири менен жаатташып, чабышып кетпегенине таң калат.

Поэмада дүйнөсү шай келген базардын сүрөтү берилет. Анда эмнелер жок! Мунун баарын алам десең, кой дей турган киши да жок. Бирок, колуңда акчаң гана болуш керек. Шаарда мындай кенендик боло туруп, андагы ак уруп, кайыр сурап жүргөн думана, тилемчилердин көптүгүнө таң калат. Томок шаары ошол учурда жакырчылык менен байлык кошо жашаган чыныгы колониялык шаар экендигин Кылыч түшүнө алган эмес.

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



Кылыч шаарды, анын турмушун жана базардагы соода-сатык мамилелерин көчмөндүү кыргыздардын пикиринин негизинде бааланган. Ал акчанын ролун түшүнө албай, мыкты жылкы, семиз малдын кагаз акчага айырбашталып кетишине таң калып, ага кейиш кылат. Ошону менен бирге, базарга келген кыргыздарды "сак болгула, шаарда ар түрлүү алдамчылык көп болот" деп, базар жайын билбеген ишенчээк, энөө элет кишилерин эскертет.

Поэманын биринчи бөлүмүнүн акырында Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын турмушуна шаардын, базардын таасири тие баштагандыгын көрсөтөт. Шаардын айланасында жашаган кыргыздар да дыйканчылыкты арбытып, түрлүү эгиндердии айдап, аларды өз керегине гана жаратпастан, базарга чыгарып сата баштагандыгын көрсөтөт» [1].

Мисал кеңири алынды. Кеңири алынгандыгынын себеби, Т.Саманчиндин адабиятчылык чечмелөөчүлүк өнөрүнүн деңгээлин жана бөтөнчөлүгүн кургак сөз менен эмес, далилдер менен ачып берүү максатынан улам болуп жатат. Бул үзүндүдөн эмнелер байкалат?

**Биринчиден,** Т.Саманчин поэманын негизинде Молдо Кылычтын таңгалуусу, кубануусу, инсандык, акындык ички толгонуусу жаткандыгын көрсөтөт.

**Экинчиден,** окумуштуу акындын бул поэтикалык толгонуусун, айран калуусун, эмоциясын жараткан негизги себеби, мурда малдан башка жайылбаган ээн аймактын – Чүй-Токмоктун ойго келбеген жаңыча социалдык картинасы экендигин, башкача айтканда, поэтикалык толгонууну чакырган социалдык булакты ачып берген.

**Үчүнчүдөн,** Т.Саманчин көчмөндөрдүн жайдак-жайыт жерине орногон орус адамдарынын жашоо-тиричилигин биринчи көрүп, Молдо Кылычтын көчмөн турмушка караганда отурукташкан турмуштун артык экендиги жөнүндөгү акыл чуркатышын, демек, цивилизациянын таасири менен акында акырындап прогрессивдүү маанайдын, ой-пикирлердин жаралышын тастыктап жатат.

**Төртүнчүдөн,** Илимпоздун цивилизация көрүнүштөрүнө, базар мамилелерине көчмөндүн көзү менен карагандыгын, ошон үчүн көп нерселер ага таңгалычтуу да, түшүнүксүз да, а түгүл эсин эки кылып жаткандыгын (Мисалы: базарда жылкынын, семиз малдын кагаз акчага айырбашталып жатканына акындын таңгалгандыгы, кейигендиги) чечмелегендиги кызыктуу да, философиялуу да, Т.Саманчиндин «Чүй баяны» поэмасындагы акындын бул кабылдоо өзгөчөлүгү тууралуу ою социалдык-психологдор үчүн уникалдуу факт болуп эсептелет. Себеби, бул көрүнүш көчмөн адам менен цивилизациянын кездешүүсүндөгү кээ бир психологиялык жагдайларды түшүндүрүүгө көмөк беберинде шек жок.

Т.Саманчиндин андан аркы талдоосуна көңүл буралы: "Ошол учурдагы дыйканчылык өтө начар өнүккөн кыргыздардын шартында, отурукташкан турмушка таандык болгон шаар турмушун дыйканчылыкты мынчалык билгичтик менен көрсөтө алгандыгы Кылычты билимге умтулган изилдөөчү акын катарында мүнөздөйт. Кылыч поэмасында сүрөттөп көрсөткөн ар түрдүү өсүмдүктөрдүн, дан-жемиштердин кайсы бирлери ошол учурда кыргыздарга такыр белгисиз болгон деп айтса да болот, мисалы, күн карама, зыгыр, күнжүт, шалгам, картөшкө сыяктуу жемиштер. Элге белгисиз болгон бул сыяктуу өсүмдүктөрдү, жемиштерди Кылыч атын атап гана өтпөстөн, алардын ар биринин бөтөнчөлүгүн өтө кылдаттык жана билгичтик менен мүнөздөп көрсөтөт.

Сабиз, пыяз, турпу бар
Калемпири, мурчу бар,
Ачуу болор түгөнгүр,
Ашка салса курчу бар.
Же болбосо:
Кызыл, жашыл, сарала
Байчечекей ыраңы,
Уу коргошун, ак кодол
Малга жаман залалы.

Кылыч "Чүй баянында" көчмөндүү турмушка караганда, отурукташкан, дыйканчылык турмуштун артыкчылыгын көрсөткөн. Ошондуктан, бул поэманы көчмөндүү кыргыз элин отурукташкан турмушка үгүттөгөн ыр деп айтууга болот" [2].

Окумуштуу Молдо Кылычтын поэмасынын баалуулугу акынды орус, дунган элдеринин өкүлдөрүнүн турмуш-тиричилик өткөрүү ыгынын, кеңири айтканда, дыйканчылык-техникалык цивилизациянын таасири астында кыргыз турмушунда өтүп жаткан жаңы социалдык процесстерди чагылтып көрсөткөндүгү жана дыйканчылык маданиятынын тоолуктар үчүн зарылдыгы жөнүндөгү Молдо Кылычтын тарыхый жаңы түшүнүгүн демонстрациялагандыгы

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



менен баалуу деп эсептейт. Т.Саманчин текстти талдап жатканда поэманын идеясына гана эмес, акындын көркөм устаттыгына, жер-жемиштерди кылдаттык менен сүрөттөгөндүгүнө да көңүл буруп, көркөм форма маселесин да унутпайт.

Т.Саманчиндин поэманын Чүй өрөөнүнүн жаратылыш, жан-жаныбарларына арналган экинчи бөлүгүн талдоосу да кызыктуу жана орчундуу жыйынтыктарга бай. Окумуштуунун талдоолоруна киришээрден мурда Кеңешбек Асаналиевдин төмөнкүдөй деп жазганы эске келип отурат.

“Молдо Кылыч сүрөттөгөн Чүй, бул өзүнчө бир ажайып дүйнө: мандалак, ышкын, сарымсак, балтыркан, балжууран, козу кулак, кымыздык, адырашман, ат кулак, айтор эмне деген өсүмдүктөр, ошондой эле казалда эмне деген талжыгачтар, жан-жаныбарлар, канаттуу-куштар, сүрөттөлбөйт. Бир нерсеге, бир жагдайга таң калбай коюшка болбойт, ушунчалык өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын, канаттуу куштардын атын кайдан билет, алардын ар бирин кантип ажыратып тааныйт, бул бир жагы болсо, экинчи жагынан акын жөн эле тизмелебейт, ар бир көрүнүшкө так, кыска мүнөздөмө, сүрөттөмө берет, натыйжада Чүй талаасынын жана тоосунун табияты, адам колу тийе элек, бүлдүрүп буза элек өзүнчө бир толукшуп толуп турган бир сонун учуру менен көзгө элестейт” [3].

Көрүнүп тургандай, К.Асаналиев Молдо Кылычтын табиятты сүрөттөөсүнө суктанып, ошону менен бирге, акын мынчалык көп жан-жаныбарларды кайдан билет деп таңгалат. К.Асаналиевдин таңгалычтуулук менен айткан суроосуна белгилүү даражада Т.Саманчиндин изилдөөсүнөн жооп табууга болот десек жаңылышпас элек.

Т.Саманчин акындын өз көздөрү менен көргөн кочкордук карылардын эскерүү сөздөрүнө таянып, изилдөөсүндө мындай деп жазган: “Ал буга, жаратылыш тиричилигин эртели-кеч окумуштууларча изилдеп, текшерип, үйрөнгөндүгүнүн натыйжасында жетишкен. Ал күндө эки убак-күн чыгарда жана күн батарда, жаратылышта болуп жаткан тиричиликтерди байкап, арык, өзөн жээктеп жүрө турган болгон. Анткени, Кылыч бул эки маалда жаратылыштын турмушунун эң кызыган учуру деп түшүндүргөн. “Күндүн нуру менен аралаш жан-жаныбар уйкусунан ойгонуп, жалпы тиричиликке киришет, күн батары менен алар тиричилигин токтотуп, уйкуга кетишет» деген сөздү айткан” [4]. Мына ушинтип, карыялардын эскерүүлөрү аркылуу Т.Саманчин Молдо Кылычтын жеке турмушунан сейрек кездешүүчү табылгыс фактыны таап, аны чебердик менен пайдаланган. Көрсө Молдо Кылычтын жаратылышты үйрөнүү жагынан өзгөчө тажырыйбасы бар экен да, анда өзүнчө бир ботаник-биологдук жөндөм болуптур. «Чүй баяны» поэмасы акындын өзүнүн индивидуалдуу тажрыйбасы жана өзгөчө жөндөмү менен терең байланышат экен.

Изилдөөчүнүн андан аркы талдоолорунан мүнөздүү бир кесимин алып карап көрөлү: «Ал жалаң гана жазуучу болбостон, өз өлкөсүн изилдеген краевед-окумуштуу катарында Чүй өрөөнүнүн өсүмдүктөрүнүн, курт-кумурскалардын ар бир түрүн ар башка, өзүнчө системалаштырган түрдө жазууга аракет кылган, мындай аракет илимий изилдөөчүлүк бөтөнчөлүгүнө жатат. Ушул айтылгандай, бир адамдын энциклопедиялык түрдө ары жазуучу, ары окумуштуу болушу жазма маданияты жаңыдан өнүгө баштаган ар бир элге таандык окуя катарында болгон. Бирок биздин бул айткан пикирибизден Кылыч чын окумуштуу болгон экен деп түшүнүүгө болбойт. Ал өзүнүн жазуучулук ишинде, айрыкча “Чүй баянында” илимий пикир менен поэзиянын айкашкан жерин көрөбүз. Ошондуктан, бул казал поэзия жагы-нан солгун, көркөмдүгү кемчил сымал көрүнөт.

“Чүй баянын” Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин анда өнүгө баштаган коомчулук мамилелерди, жаңы тиричиликти биринчи көрсөткөн поэма деп айтса да болот. Мында орус келгиндери аркылуу кыргыз элинин турмушуна сиңе баштаган акча, соода-сатык мамилеси, дыйканчылык, отурукташкан турмуш жөнүндө кеп болот. Мурда жашаган ырчылардын чыгармаларында боло турган өзгөрүүлөр жат, чоочун турмуш катарында “жаманчылыктын белгиси” катарында көрсөтүлүп келген. Кылыч болсо, бул жаңы тиричилик белгилерин чоочуркабастан, объективдүүлүк менен көрсөткөн, кайра ага суктанып, кызыккандыгын көрөбүз. Чүй өрөөнүнүн жаратылыш байлыктары, шаар турмушу поэмада чыныгы реалисттик багытта көрсөтүлгөн. Мында ошол учурдагы оозеки поэзияга мүнөздүү болгон романтикалык эргүүлөр, ашырылган жомок сүрөттөрү жок, турмуш толук реалисттик чындыгы менен көрсөтүлгөн. Бул учурдагы Кылычтын чыгармачылык көңүлү оптимистик көтөрүңкү болгон. Ошол учурда элдин турмушу канчалык түйшүк менен чырмалса

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



да, Кылыч жашоого, күрөшкө умтулгандыгы көрүнөт. Ал "Чүй баянында" сайраган кушка, ызылдаган чымын-чиркей, курт-кумурскаларга, саргая бышкан мөмөгө суктанып кубанат, шаар турмушуна кыргыздардын көчмөндүү тиричилигинен артык болгон орус келгиндеринин тиричилигине ыраазы болот. Дүйнөгө мистикалык көз караштар бул учурда анын чыгармаларынан байкалбайт.

Кылыч "Чүй баянында" турмушка терең карап, эл тагдыры жөнүндө ой жүргүзгөн акын катарында аныкталат. Ал эми чыгармачылык метод жагынан болсо, чынчыл-реалист акын болот» [5].

Келтирилген цитатадан улам кандай жыйынтыктарды жасоого болот?

**Биринчиден,** Т.Саманчин Молдо Кылычтын жан-жаныбарларды сүрөттөп көрсөтүүдөгү художниктик ийгилигин, анын бир тууган аймактын жаратылышын кадимки кесипкөй краевед-натуралисттин өзүндөй терең билгендиги менен байланыштырып, туура баалап жатат.

**Экинчиден,** окумуштуу «Чүй баяны» поэмасынын айырмалуу өзгөчөлүгүн Молдо Кылычтын натуралисттик-биологдук жөндөмү менен поэтикалык жөндөмүнүн бири-бири менен айкалышкандыгынан бүткөндүгүнөн көрүп, мурда да, кийин да, эч ким айтпаган уникалдуу ойду айткан.

**Үчүнчүдөн,** Т.Саманчин аталган поэмадан кемчиликти да байкаган. Анын байкоосунда чыгарманын көркөмдүгү кемчил сымал болуп тургандыгы акындын краевед-окумуштуу өңдөнгөн рационалдуулугунда жатат. Бул да жүйөлүү пикир.

**Төртүнчүдөн,** изилдөөчү поэманын Чүй өрөөнүнүн социалдык турмушунун да, жаратылышынын картинасын да кашкайта даана тарткан реалисттик касиетин туура белгилеген.

**Бешинчиден,** Т.Саманчин Молдо Кылычтын «Заманчы» акындардан айырмасын белгилеп көрсөткөн. Анын айырмачылыгы мурдагы акындар кыргыз жериндеги турмуш-тиричилик жаңылыктарына «жамандыктын белгиси» катары карашса, Молдо Кылыч үчүн келечектүү башталыш катары оптимисттик түрдө бааланган. Молдо Кылычтын көз карашы, салыштырмалуу айтканда диалектикалуу. Анын өзгөчөлүгү – ушунда. Кыскасы, Т. Саманчин сөз болуп жаткан изилдөөсүндө Молдо Кылычтын «Чүй баяны» поэмасын кыйла оргиналдуу жана терең чечмелеген.

**Адабияттар:**


1. Саманчин Т. Кылыч – жазуучу акын. - Ф.: Кыргызмамбас, 1948. - 54- 55-б.
2. Саманчин Т. Кылыч-жазуучу акын. - Ф.: Кыргызмамбас, 1948. - 56-57-б.
3. Асаналиев К. Башат. / Китепте: Молдо Кылыч. Казалдар. - Ф.: Адабият, 1991. - 19-б.
4. Саманчин Т. Кылыч – жазуучу акын. - Ф.: Кыргызмамбас, 1948. - 45-б.
5. Саманчин Т. Кылыч – жазуучу акын. - Ф.: Кыргызмамбас, 1948. - 57-58-б.
6. Актуальные проблемы литературной критики. – Москва: Наука, 1980. - 339 с.
7. Андреев Ю. В поисках закономерностей. - Москва: Советский писатель,1987, 289 с.
8. Аристотель. Об искусстве поэзии. - Москва: Гослитиздат, 1957. - 273 с.


**Рецензент: к.филол.н., доцент Искендерова Ш.А.**